Д.Шопоков атындагы орто метеби

# Тарых,география,АЖК нын бир айлык декадасы

2022-2023 о.ж.

**Д.Шопоков атындагы орто мектебинин тарых,география жана адам жана коом айлыгынын жыйынтыгы.**

2022-2023 окуу жылы.

Төмөнкүдөй иш чаралар аткарылды:

5- класстарда ачык сабак өткөрүлдү.

"Тарыхка көмөктөш илимдер.Геральдика" деген темада сабак таймаш өткөрүлдү. Мында окуучулардын тарых боюнча алган билимдерин эске түшүрүшүп, бышыктоо, жаңы маалыматтар менен толуктоо жүргүзүлдү. Эки командага бөлүнүштү. Археология командасы, Нумизматика командасы.

- Проетор менен сабак өтүлдү.
- Окуучуларга-викториналык суроолор берилди.
- Сүрөт менен иштөө жүргүзүлдү.
- Кроссворд толтурушту.

-Суроо жооп иретинде сабак таймаш болуп эки команда тең чыгышты. Алган билимдерин бышыкташты.

Диндердин өнүгүү тарыхы сабагынан 9-класстар менен “Ишеним” деген темада ачык сабак өтүлдү.

Мында окуучулар ДӨТнан алган билимдерин эске түшүрүштү.Эки командага бөлүнүштү.Бышыктоо жаңы малыматтар менен толуктоо жүргүзүлдү.

- Проетор мене сабак өтүлдү.

- Темага ылайык суроолор берилди.

- Сүрөт менен иштөө жүргүзүлдү.

- Темага ылайык тесттик иште “Светофор” оюну өткөрүлдү.Балдар алган билимдерин бышыкташты.

Тарых сабагынан Кыргызстандагы ареологиялык эстеликтер теген темада 7-8-9-10-11-класстар арасында конкурс болуп

өттү.Бул конкурста ар бир класс Кыргызстандагы археологиялык эстеликтер боюнча слайд шоу даярдап көргөзушту.

Мында;

-Окуучуларга доклад окулду.(Байтик Баатырдын 200-жылдыгына арналган)

-Алган билимдерин бышыктоо максатында окуучуларга суроо жооп берилди.

-Тесттик иштер жүргүзүлдү.

-“Кыргыз элинин тарыхта калган инсандары” деген темада балдар реферат жазышты.

-“Белгилүү инсандар” менен аларда эмне бириктирип турат деген суроодо иш жүргүзүлдү.

-Окуучулардын чыгармачылык менен чыгарылган дубал

газеталары,көргөзмөлөрү боюнча жыйынтык чыгарылды.

-География сабагынан"Глобустар"көргөзмөсү болуп өттү.Бул көргөзмөдө балдар өз колдору менен глобус,планеталарды жазашты.

-Глобус боюнча талкуу болуп, жыйынтык чыгарылды.

-Тарых сабагы боюнча билим сапаты: 48%

-География сабагы боюнча билим сапаты: 48%

-А.Ж.К сабагы боюнча билим сапаты: 50%

Мугалим: Эдилбек кызы Баян

**Тема: Тарыхка көмөктөш илимдер,Геральдика.**

**Сабактын максаты:**


Элестетүү жана ой жүгүртүү көндүмдөрүңөр өнүгөт.

Геральдика илими жөнүндө кеңири маалымат аласыңар.

Кыргыз Республикасынын гербин тушундуруп бересинер.Тарыхка көмөктөш илимдерди кайталайсынар.

**Сабактын планы:**

* **Геральдика эмнени үйрөтөт?**
* **Герб жөнүндө түшүнүк.**
* Тарыхка көмөктөш илимдер.




**Геральдика -латын тилинен которгондо «герб жөнүндө үйрөтүүчү илим» дегенди билдирет.**

**Нумизматика** (от лат. *numisma*, б.-грек. νόμισμα — тыйын) – тыйын жана акча-товар мамилелерин үйрөтүүчү тарых

илиминин көмөкчү бөлүгү. Нумизматика илиминде атайын кабыл алынган терминдер да колдонулат. Мисалы;



**Этнология** - (грек. ethnos - эл, logos - окуу) - кеңири маанидe этностордун теги, негизги белгилери, өз ара мамилелеринин формалары жана типтери, материалдык жана руханий маданиятынын өзгөчөлүктөрү, этностук өзүн-өзү аңдоо сезимин, этноско ыйгаруучулук маселелери менен бирге, күндөлүк жашоо-тиричилигинин түрдүү аспектилерин изилдөөчү илим.

**Археология** (грек тилинен *archaios* - байыркы, *logos* - илим) - адам баласынын байыркы тарыхын зат түрүндөгү булактар боюнча таанып изилдөөчү илим.
Адамдардын өткөн турмушу жана оокат-тиричилигинен калган материалдык заттарды,буюм-тайымдарды изилдөөчү илим. Археология тарых илиминин эң чоң жана маанилүү тармагы.




**Ономастика** (грекче onomastikos — атоого байланыштуу, опота — ысым) —1) тил илиминде энчилүү аттарды, алардын тарыхын, тилде колдонулушун изилдейт. 2). Ономия — ар түрдүү энчилүү аттарга (антропонимика, топонимика, этнонимика жана башкалар) бөлүнүп кетет. О. элдердин мурдагы жайгашкан жерлерин, миграциясын, тилдик жана маданий байланыштарын, тилдердин байыркы абалын билүүгө жардам берет. **Сфрагистика**-мөөр

(печать),штамп тармактарын изилдейт.Адамдар байыркы доордо эле маанилүү кагаздарды, документтерди ойлоп табышкан

***Бышыктоо:***

- Археология илими жөнүндө эмне билдиңер?
- Археологдордун иш ыкмасы силерге жактыбы?
- Нумизматика деген эмне?
- Геральдика жөнүндө эмнени түшүндүнөр?
- Аверс,реверс,гурт деген эмне?

***Үйгө тапшырма:***

§ 4 -16-бетти өз алдынча окуп чыгасыңар жана жумушчу дептерди толтурасыңар.Сүрөттөр менен иштөө.